ForexClub

Акыркы жаңылануу: 01.11.2024

# КАРДАРДЫК МАКУЛДАШУУ

FOREX CLUB INTERNATIONAL LLC

**МАЗМУНУ:**


1. КИРИШҮҮ ....3
2. МАКУЛДАШУУНУН КҮЧҮНӨ ЖАНА ИШТӨӨГӨ КИРҮҮСҮ....4
3. СООДА ЭСЕБИН АЧУУ ....4
4. КЫЗМАТТАР ....5
5. СООДА ПРОЦЕДУРАЛАРЫ ЖАНА ОРДЕРЛЕР ....7
6. МАРЖИНАЛДЫК ТАЛАПТАР ....9
7. ОНЛАЙН-СООДА СИСТЕМАС(-ЛАР)Ы, ВЕБ-САЙТКА КИРҮҮ ЖАНА ИНТЕЛЛЕКТУАЛДУК МЕНЧИК....10
8. КИРҮҮ МААЛЫМАТЫНЫН КООПСУЗДУГУ ....11
9. КАРДАРДЫН ТАСТЫКТООСУ ЖАНА МАКУЛДУГУ ....12
10. КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУ ....14
11. АЛЫМДАР ЖАНА БАШКА ТӨЛӨМДӨР ....15
12. КАРДАРДЫН АКЧАЛАРЫ ....15
13. САЛЫК САЛУУ ....17
14. БОНУСТАР....17
15. ОТЧЕТТУУЛУК ЖАНА КОММУНИКАЦИЯ ....18
16. КУПУЯЛУУЛУК ЖАНА МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО ....19
17. КЕПИЛДИКТЕР ....20
18. РЫНОК ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ ....22
19. ЖООПКЕРЧИЛИКТИ ЧЕКТӨӨ ....22
20. ФОРС-МАЖОР....25
21. МАКУЛДАШУУНУН МӨӨНӨТҮ ЖАНА ТОКТОТУЛУШУ....28
22. ӨЗГӨРҮҮЛӨР ЖАНА КОШУМЧАЛАР ....29
23. АРЫЗ-ДООЛОР ....30
24. ЖӨНГӨ САЛУУЧУ МЫЙЗАМДАР ЖАНА ЮРИСДИКЦИЯ ....31
25. АКЫРКЫ ЖОБОЛОР ....31

ТИРКЕМЕ А-ТЕРМИНДЕРДИН АНЫКТАМАЛАРЫ....32

## 1. КИРИШҮҮ

1.1. Бул кардар макулдашуусу Сент-Винсент жана Гренадиндердин мыйзамдарына ылайык иш алып барган, 1277 LLC 2021 номери менен катталган жана The Financial Services Center, P.O.Box 1823, Stoney Ground, Kingstown, VC0100, St. Vincent & the Grenadines дарегиндеги (ошондой эле "биз", "бизди" же "Компания" деп аталган) **Forex Club International LLC** юридикалык тарап жана Кардар (ошондой эле, "сиз", "сиздин") арасында түзүлөт.

1.2. Макулдашуу (мындан ары - "Макулдашуу") Кардар макулдашуусу кандайдыр бир тиркеме, соода операцияларынын Эрежелери, Соодалык эмес операциялардын эрежелери, терминдердин мааниси, Тобокелчиликтер тууралуу билдирүү, CFD өзгөчөлүгү, ошондой эле Компаниянын вебсайтындагы башка документтерди жана маалыматтарды түшүндүрөт. Биздин кызматтарга кайрылуу менен, ушул макулдашуудагы жогоруда аталган документтердин шарттарына макул болосуз. Бул биздин кардар катары кабыл алынсаңыз, сиз жана биз ушул жоболорду жана шарттарды аткарууга милдеттүү болобуз дегенди билдирет.

1.3. Соода эсебин ачуу жана/же биз менен кандайдыр бир иш-аракет кылуудан мурун өзүңүздүн коопсуздугуңуз үчүн бул Макулдашууну кылдаттык менен окуп чыгыңыз жана Компаниянын вебсайтындагы бардык башка кошумча документтерге жана маалыматтарга көңүл буруңуз. Бардык кошумча түшүндүрмөлөрдү алуу үчүн сизге көз карандысыз профессионалдуу кеңеш үчүн (эгер керек болсо) биз менен байланышуу керектелет.

1.4. Муну менен сиз төмөнкүлөргө макул болосуз: (a) Компаниянын арыз формасын  соода эсебин ачуу үчүн толтуруу жана/же арыздын жанындагы "Мен бул Кардардык макулдашууну кабыл алам" баскычын басуу менен, же сиздин бул Макулдашууну тастыктаганыңызды билдирген кандайдыр бир окшош баскычтарды басуу менен b) Компания тарабынан берилген кызматтарды алуу жана/же алууну улантуу менен, сиз бул Макулдашууда көрсөтүлгөн бардык шарттар жана жоболорду аткарууга макул болосуз. Анткени, алар сизге тиешелүү болушу ыктымал.

1.5. Биздин талаптарга ылайык, бул Макулдашуу биздин мамилелерди жана сиздин ишмердүүлүгүңүздү жөнгө салган бардык шарттар менен жоболорду камтышы керек; бул Макулдашуу бардык башка мурунку макулдашууларды, келишимдерди, ошондой эле биз тарабынан жасалган ачык же камтылган билдирүүлөрдү жокко чыгарат; жана сиз же биз жасаган кандайдыр бир аракеттер, кетирилген катачылыктар же билдирүүлөр (ооз эки же башка түрдө), анын ичинде сиз байланышкан биздин кызматкерлердин билдирүүлөрү, бул Макулдашуу менен алмаштырылбайт же андан маанилүү болбошу керек.

1.6. Баш тамгалар менен жазылган терминдердин Глоссарийи бул Макулдашуунун А тиркемесинде берилген.

## 2. МАКУЛДАШУУНУН КҮЧҮНӨ ЖАНА ИШТӨӨГӨ КИРҮҮСҮ

2.1. Компания өзүнүн кызматтарын ушул документте көрсөтүлгөн шарттар боюнча гана берүүгө милдеттенет, алар талкууланбайт жана компаниянын каалоосу боюнча мезгил-мезгили менен өзгөртүлүшү мүмкүн. Бул Макулдашуугa кошулуу менен, Кардар ушул Макулдашууга ылайык бардык Соодалык жана Соодалык эмес операцияларды жүргүзүүгө макул болот. Бул Макулдашууга кошулуу Кардар тарабынан Компаниянын Веб-сайтында же мобилдик тиркемесинде катталуусу (ачуу) жана Компания тарабынан Жеке кабинеттин верификацияланышы менен жүзөгө ашырылат.

2.2. Бул Макулдашуу Соода эсеби активдештирилгенден кийин күчүнө кирет. Компания кардарга карата юридикалык талаптарды аткаруу үчүн ишенимдүүлүктү текшерүү (Due Diligence / KYC) процедураларын жүргүзөт.

2.3. Бул Макулдашуу ачык сунуш эмес. Компания өзүнүн каалоосу боюнча жана себептерди түшүндүрбөстөн, кандайдыр бир тарапка ушул Макулдашууга кол коюуну, Соода эсебин ачууну же Жеке кабинет түзүүнү четтетүүгө же кандайдыр бир тараптын ушул Макулдашууга кошулушун жокко чыгарууга укуктуу.

## 3. СООДА ЭСЕБИН АЧУУ

3.1. Сиздин Жеке кабинет түзүү боюнча арызыңызды алгандан кийин, биз берген маалыматты, биздин юридикалык милдеттерибизди аткаруу үчүн бул жагдайларда керек деп эсептегенибизди же ылайыктуу деп тапкан маалыматтарды топтоо үчүн колдонобуз. Бул, башкалардан тышкары, сиздин жекелигиңизди же маалымат базаларынан (коомдук жана башка) жана чоочун провайдерлерден сунуш алууңузду текшерүүнү камтыйт. Бул сыяктуу маалымат чогултуу иш-чаралары биздин сиз менен болгон кызматташтыктын каалаган учурунда болушу ыктымал экендигин түшүнөсүз жана кошумча маалыматты берүүдө бизге жардам бересиз деп ишенебиз. Бул талапты аткарбоо бул Макулдашуунун шарттарына ылайык, биздин сиз менен болгон мамилебиздин токтоосуна алып келет.

3.2. Биз сиздин арызыңызды карап чыгып, берилген маалымат/документтер бизди канааттандырса гана сизди Кардар катары кабыл алып, Соода эчебин ачып беребиз.

3.3. Сиз бизге туура жана так маалыматты берүүгө жоопту деп саналасыз жана эгерде биз берилген маалыматтарыңызды так эмес деп саноого негиз болбосо, аларга таяна алабыз. Берилген маалыматтарыңызда кандайдыр бир өзгөрүүлөр болгон учурла бул тууралуу бизге жазуу түрүндө билдиришиңиз керек.

3.4. Катталуудан кийин каалаган убакта идентификациялык максатта төмөндөгүлөрдү талап кылуу укугун өзүбүзгө калтырабыз:

3.4.1. Физикалык тарап үчүн: жекелигин тастыктаган документ.

3.4.2. Юридикалык тарап үчүн: катталуу, уюштуруучу документтери жана юридикалык статусту тастыктаган документтер.

3.5. Компания мамилелердин каалаган этабында кардарлар үчүн күчөтүлгөн текшерүүнү жүргүзүүгө укуктуу. Эгерде Кардар Компания сураган документтерди / маалыматтарды бербесе, анда Компания Кардардын соода/соода эмес операцияларын жүргүзүүсүн чектөөгө жана / же тыюу салууга укуктуу.

## 4. КЫЗМАТТАР

4.1. Биз сиздерге CFD формасындагы айрым аспаптар менен соода кылуу мүмкүнчүлүгүн (б.а. айырмачылыктар үчүн Келишимдер) аткаруу негизинде гана сунуштайбыз. Биз сунуштаган куралдардын толук сүрөттөлүшү жана тиешелүү CFD спецификациялар биздин веб-сайтта жеткиликтүү.

4.2. Сиз менен болгон соода операцияларында Биз Сиздин атыңыздан агент катары эмес, принципиал катары иш алып барабыз. Демек, биз Сиздин бардык Соода операцияларыңыз боюнча контрагентпиз.

4.3. Сиз компаниянын CFD негиздинде жаткан активди физикалык камсыздоону камсыз кылбай тургандыгын түшүнөсүз.

4.4. Биз инвестициялык, каржылык, юридикалык, салыктык же башка кеңештерди бербейбиз. Сиз Соода операцияларын кылуудан мурун бардыка келишимдерди өз алдынча баалооңуз керектигин жана биз же биздин аффилирденген тараптардын, кызматкерлерден же башка тиешелүү тараптардын пикири, материалы жана анализине кеңеш же сунуш катары таянбашыңыз керектигин түшүнөсүз. Эгерде сиз бул Макулдашуунун алкагында мындан аркы аракеттерди жасашыңыз керекпи же жокпу деп күмөн санап жатсаңыз, анда көз карандысыз кеңеш үчүн кайрылсаңыз болот.

4.5. Биз инвестициялык изилдөөлөрдү сунуштабайбыз, ал эми рыноктун анализин камтыган ар түрдүү маалыматтар маркетингдик каттар деп саналат жана алар кеңеш, сунуш же изилдөө катары кабыл алынбашы керек.

4.6. Биз колдонгон бир же бир нече соода аянтчалары кардарларга автоматтык түрдө соода жүргүзүүгө мүмкүндүк берет, башкача айтканда, сиз тараптан маалыматтарды кол менен киргизүүгө керек калбайт ("авто соода Функциясы").

4.6.1. Функция кардарга платформанын жөндөөлөрүн ар бир кийинки соода автоматтык түрдө ошол эле курал боюнча, ошол эле багытта жана жеткиликтүү баада ачылгыдай кылып орнотууга мүмкүндүк берет, эгерде мурунку соода лимиттик буйрук менен жабылган болсо (Take Profit). Ар бир жаңы соода кардар киргизген баштапкы параметрлерге ылайык ачылат (мультипликатор, Stop Loss, Take Profit, авто-чоңойтуу ж.б.). Эгерде соода Stop Loss, Stop Out же кол менен жабылган болсо (оң же терс жыйынтыкка карабастан), Функция автоматтык түрдө деактивдештирилет. “Non Stop Trading” функционалын колдонуу менен, мурунку буйрутманын стоп ордер (Stop Loss) менен жабылуусуна карабастан, жаңы соодалар автоматтык түрдө ачылат. Кардар каалаган убакта функцияны кол

менен өчүрө алат. Эгерде кардар Take Profit орноткон эмес болсо, функция активдештирилбейт. Эгерде соода шарттарынын өзгөрүшү натыйжасында Кардардын орнотулган соода параметрлери Компаниянын талаптарына жооп бербесе, Функция автоматтык түрдө өчүрүлөт.

4.6.2. Функцияны активдештирүү үчүн Кардар Платформадагы Автосоода баскычын басып, колдонуу Шарттарын жана тобокелдиктер тууралуу маалыматтын Ачыктамасын Функцияны алгач иштеткенде кабыл алуу керек. Бул учурдан баштап Кардарга Функция жеткиликтүү болуп калат. Автосоода функциясын активдештирген учурла "Авто-чоңойтуу" функционалы автоматтык түрдө ишке кирет. Кардар аны каалаган учурда өчүрө алат. “Non Stop Trading” функционалы деактивдештирилди. Кардар аны өз алдынча активдештире / деактивдештире алат.

4.6.3. Бул Функцияны колдонуу менен, Кардар сооданын ачылуусу же жабылуусу анын эсебиндеги соода операцияларынын автоматтык аткарылуусу менен, кардардын киришүүсү же уруксааты жок ишке ашырылышы мүмкүн экенин кабыл алат. Ошентип, Rардар Rомпанияга функцияны колдонууда жасалган бардык аракеттерди аткарууга уруксат берет. Бул иш-аракеттер Кардардын демилгеси боюнча автоматтык түрдө жүргүзүлөт жана жүргүзүлүп жаткан иш-аракеттерге алдын-ала уруксат берүүнү талап кылбайт. Мындан тышкары, Кардар ушул менен Компанияны анын саясаттары жана процедуралары боюнча учурдагы бааларга ылайык Функцияны колдонууну чектөөгө жана/же тыюу салууга укук берет.

4.6.4. Функциялар өзгөчө мүнөздөмөлөргө жана алар менен байланышкан тобокелдиктерге ээ. Сиз Автосоода сиздин тажрыйбаңызга, максаттарыңызга, каржылык ресурстарыңызга жана башка тиешелүү шарттарга ылайыктуу экенин жакшылап ойлонушуңуз керек.

4.6.5. Берилген Функция сатып алуу же сатуу боюнча сунуш эмес. Бул функцияны соода менен байланышкан тобокелдикти түшүнгөн кардарлар гана колдонушу керек. Программалык камсыздоо табиятынан татаал болгондуктан жана толугу менен катасыз болушу мүмкүн эмес болгондуктан, эсептериңиздеги иш-аракеттерди кылдаттык менен байкап туруу сунушталат. Компания Функцияны колдонууда пайда болгон техникалык, электрондук же башка каталар үчүн жооптуу эмес. Тактап айтканда, Компания эч кандай чыгым же чыгаша, анын ичинде Функцияны колдонуудан келип чыккан чыгымдар (аны менен чектелбейт) үчүн жооп бербейт. Кардар Функция аркылуу жасалган бардык соодалар үчүн толук жоопкерчиликти тартып, автосооданын иш-аракеттерин кылдат байкап турушу сунушталат. Функцияны колдонуу менен, кардар продуктту толук көзөмөлдөп, каалаган убакта тобокелдиктерди жана соодаларды өчүрүп/кайра күйгүзүп, алардын жөндөөлөрүн өзгөртө алаарын кабыл алат.

4.6.6. Функцияны колдонуу боюнча толук маалымат жана автосоода функциясынын тобокелдиктери жөнүндө маалыматты ачуу Шарттары биздин веб-сайтыбызда берилген.

## 5. СООДА ПРОЦЕДУРАЛАРЫ ЖАНА ОРДЕРЛЕР

5.1. Сиз же сиздин ыйгарым укуктуу өкүлүңүз биз тарабынан бекитилген каражаттарды колдонуп, анын ичинде, ушул менен гана чектелбестен, биздин онлайн соода система(-лар) ыбызды жана сиздин катталган электрондук почта дарегиңизди колдонуп, Ордерлерди жайгаштыра аласыз.

5.2. Ордерлер соода операциялардын Регламентине ылайык жөнгө салынат. Алар Кардар үчүн милдеттүү болуп саналат. Компания Ордерди аткаруу үчүн акылга сыярлык аракеттерди көрүүгө милдеттенет, бирок сиз Компаниянын акылга сыярлык аракеттерине карабастан, Ордерди берүү же аткаруу ар кандай Компанияга байланышсыз себептерден улам мүмкүн болбошу мүмкүн экенин түшүнөсүз жана макул болосуз.

5.3. Айрым шарттарда, эгерде биз сиздин жеке маалыматыңыздын чын экенин жана көрсөтмөлөрүңүздүн түшүнүктүү экенин текшере алсак, биз телефон аркылуу Ордерлерди кабыл ала алабыз. Эгерде кандайдыр бир себептер менен сиз онлайн-соода система(-лар)сына кире албай жатсаңыз жана CFD соода ордерлерин берүү керек болсо, анда сиз биздин Дилингдик бөлүмгө телефон аркылуу байланышсаңыз болот. Бул учурда биз сиздин жекелигиңизди тастыкташыбыз керек болот. Телефон аркылуу ордерлер биздин расмий тилде гана кабыл алынат, эгерде Дилингдик бөлүмдүн операторлору башка тилдерде сүйлөсө, анда аларды колдонууга болот. Белгилей кетүү керек, Компания Дилингдик бөлүмдүн оператору Кардардын жеке маалыматын аныктап чыга албаган же Кардардын көрсөтмөлөрү жетиштүү деңгээлде так эмес болгон учурда, мындай оозеки ордерлерди четке кагуу укугуна ээ. Кардар телефон аркылуу Дилингдик бөлүмдүн оператору менен байланышууда көп сандагы операциялардын учурунда, рынокто маанилүү жарыялануулар болгон учурда, байланыштын кечигүүсүнө макул болот.

5.4. Эгерде биз Ордерди онлайн-соода системасы аркылуу эмес, башка ыкмалар менен алсак, Ордер биздин тараптан онлайн-соода системасына (эгерде мүмкүн болсо) өткөрүлүп, онлайн-соода системасы аркылуу алынгандай иштетилет.

5.5. Биз ар бир Ордерге таяна алабыз жана ага кошумча суроолорсуз аракет кыла алабыз, жана эгерде мындай Ордер сиздин сыр сөзүңүз (Код) менен жайгаштырылган болсо, биз ар кандай Ордерди сиз үчүн милдеттүү деп эсептейбиз.

5.6. Сиз демилгелеген бардык Ордерлерди алардын шарттарына ылайык так аткарабыз. Биз эч кандай Ордердин тактыгын текшерүү үчүн жооптуу эмеспиз. Сиз бизге жөнөткөн ар кандай Ордер сиздин атыңыздан Соода операциясын баштоого кайтарылгыс көрсөтмө болуп саналат.

5.7. Эгерде биз аны анык деп эсептесек, сизден бизге ар кандар Ордер жарактуу буйрук катары каралат. Сиз биздин тараптан кандайдыр бир Ордерди аткаруу же аны аткарууга аракет кылуу менен байланышкан ар кандай чыгымдар, доо арыздар же чыгашалар үчүн жоопкерчиликти тартасыз. Сиз өзүңүздүн жеткиликтүүлүк кодуңуздун жардамы менен берилген бардык Ордерлер үчүн жоопкерчилик тартууга макул болосуз, жана бизге келген мындай Ордерлер сизден келген деп эсептелет. Эгерде үчүнчү тарап сиздин өкүлүңүз катары дайындалган болсо жана ал сиздин атыңыздан иш жүргүзсө, сиз өкүлүңүздүн колундагы Кирүү коду аркылуу демилгеленген бардык Ордерлер үчүн жоопкерчилик аласыз. Эскертүү: Компания терс Балансынан коргоо саясатын колдонууну кабыл алат, анын негизинде сиздин чыгымдарыңыз сиздин Эсепке салынган суммадан ашпай калат. Эгерде ачык позиция жабылып, анын натыйжасында сиздин Каражаттарыңыз терс балanска түшсө, Компания сизден терс балансты алуу укугунан баш тартат.

5.8. Биз сиздин учурдагы же биздеги бардык ачылган позицияларыңызга тиешелүү айтылган же жасалган болэолдорду текшерүүгө же эске алууга милдеттүү эмеспиз. Сиз ачкан ар кандай соода ачык позициянын бир бөлүгүн же бардыгын жабуу үчүн жасалган соода экендиги жөнүндө сиздин комментарийлериңизди эске албайбыз. Сооданын максаты жаңы позицияны ачуу же учурдагы позицияны жабуу болобу, биз бардык соода-сатыктарды сатып алуу же сатуу деп эсептейбиз. Сиз ар дайым өз позицияңызды текшерип туруу үчүн жооптуусуз.

5.9. Эгерде сиз бизге ушул Макулдашуунун кайсы бир бөлүгүн бузган ордерди жөнөтсөңүз, анда биз, биздин абсолюттук карообуз боюнча, мындай буйрукту каалагандай деңгээлде аткара алабыз жана натыйжада жарым-жартылай аткарылган ордерди жокко чыгарууга укугуңуз болбойт. Сиз ушул макулдашууну бузган учурда жооп бересиз жана ушул Макулдашуунуншарттарына ылайык чыр-чатактуу соода операциясын жөнгө салууга жооптуу болосуз.

5.10. Биздин онлайн-соода Система(-лар)ы бул нерсеге уруксат берген учурлардан тышкары, бардык биз сунуштаган Ордерлер акыркы деп саналат жана четке кагылып, жокко чыгарыла албайт. Жокко чыгаруу жана/же четке кагуу биздин юридикалык документте жазылган болсо гана буга уруксат берилет.

5.11. Биз укуктуубуз:

5.11.1. Клиентке белгилүү соода операцияларын жүргүзүүгө уруксат берилбейт, эгерде алар Соода операцияларынын регламентинде көрсөтүлгөн шарттарга жана талаптарга туура келбесе.

5.11.2. Эгерде Кардардын идентификациялык маалыматтары туура эмес же так эмес экендиги аныкталса, ошондой эле Кардар талап кылынган документтерди бербесе же берүүдөн баш тартса, айрым Соода операциялары убактылуу токтотулат.

5.12. Биз соода платформасында жеткиликтүү ар кандай CFD аспаптары үчүн экспирациянын күнүн жана убактысын өз каалообуз боюнча жана толук ыктыярдуу түрдө белгилөө укугун өзүбүздө сактайбыз. Эгерде Соода

платформасында жеткиликтүү болгон CFD аспабынын белгиленген экспирация күнү болсо, анда сиз бизге ошол CFD аспабы боюнча бардык ачык позицияларды ошол экспирация күнү жана убактысында Соода платформасында көрсөтүлгөн баа боюнча жабууга ыйгарым укук бересиз.

5.13. Эгерде биз белгилүү бир аспап үчүн Экспирация убактысын орнотсок, анда:

- бул тууралуу сизди катталган электрондук почта дарегиңизге электрондук кат аркылуу же Соода терминалындагы билдирүү (анын ичинде push-билдирүү) аркылуу кабарландырабыз же
- же аны Компаниянын веб-сайтына жарыялайбыз же
- же ар бир конкреттүү аспап үчүн Соода платформасындагы "CFD аспабы жөнүндө маалымат" бөлүмүндө жайгаштырабыз.

Сиз экспирациянын убактысы тууралуу кабардар болууга сиз жооптуу экениңизди кабыл аласыз.

5.14. Эгерде сиз Эскпирацияга чейин Ачык позицияны CFD аспабы аркылуу жаппасаңыз, Ачык позиция Экспирация күнүндө автоматтык түрдө жабылат. Ачык позиция тиешелүү Экспирация датасына жана убактысына чейин соода аянтчасында көрсөтүлгөн акыркы баада жабылат.

## 6. МАРЖИНАЛДЫК ТАЛАПТАР

6.1. Позицияларды ачуу жана ачык позицияларды кармоо үчүн кардар баштапкы маржаны камсыздап, аны сактап туруусу керек. Бул маржа Компания тарабынан өз каалаганынча белгилениши мүмкүн жана ар бир түрдөгү CFD үчүн CFD спецификацияларына ылайык аныкталат. Биздин маржалык талаптар биздин веб-сайтыбызда «CFD спецификациялары» бөлүмүндө көрсөтүлгөн.

6.2. Кардардын милдети - маржа талаптары кандайча эсептелгенин түшүнүү. Компания маржа талаптарын каалагандай өзгөртүүгө укуктуу.

6.3. Сиз бизге талап боюнча Маржа катары төлөм жүргүзүүгө макулдугуңузду бересиз. Бул төлөмдөр тиешелүү рыноктун эрежелерине ылайык (эгер колдонулса) мезгил-мезгили менен талап кылынышы мүмкүн же биз ушул Макулдашуунун алкагында учурдагы, келечектеги же пландаштырылган соодалар боюнча чыгымдардан же чыгым тобокелдигинен коргонуу үчүн зарыл деп эсептеген сумма болушу мүмкүн.

6.4. Бул Макулдашуунун алкагындагы укуктарыбызга кошумча катары биздин Ачык позицияларыңызды рыноктоук баада жаап жана/же алардын көлөмүн чектөөгө жана төмөндөгү учурларда аларды ачуудан баш тартуу укугубуз бар:

6.4.1. Эгерде Компания соода шарттары адекваттуу эмес деп эсептесе.

6.4.2. Эгерде Кардардын Маржа көлөмү минималдуу Маржа талабынын деңгээлинен төмөн түшсө.

6.4.3. Качан гана Каржылардын өлчөмү ачык позицияны сактап туруу үчүн талап кылынган Маржаны (залогду) белгилүү бир пайызына же андан азына жетсе.

6.4.4. Кардар тарабындан жасалган алдамчылык аракеттери же мыйзамсыз соода кылуу учурунда.

6.4.5. Эгерде Компаниянын Системалары Соода эсебине коюлган чектөөлөрдөн улам Ордерди четке какса.

6.4.6. Качан гана Маржанын көлөмү Stop-Out деңгээлине жеткенде, жана Кардардын позициялары рыноктук баада, эң чыгашалуу Ордерден баштап автоматтык түрдө жабылып баштаганда, жана Компания Ордерлерди четке кагуу укугуна ээ болгондо.

## 7. ОНЛАЙН-СООДА СИСТЕМАС(-ЛАР)Ы, ВЕБ-САЙТКА КИРҮҮ ЖАНА ИНТЕЛЛЕКТУАЛДУК МЕНЧИК

7.1. Компания сизге CFD менен Ордерлерди жайгаштыруу үчүн онлайн соода Системасын (системаларын) (анын ичинде Веб-сайтты жана ага байланыштуу жүктөлүп алынуучу программалык камсыздоону колдонууну) колдонууга чектелген, өткөрүп берилбеген, эксклюзивдүү эмес жана толугу менен кайтарылып берилүүчү лицензия берет. Компания башка онлайн соода Системасын (системаларын) колдоно алат жана ушул Макулдашуунун шарттарын аткаруу максатында пайдалануу үчүн сунушталган соода платформаларынын тизмесин өз каалоосу боюнча өзгөртүүгө укуктуу. Ошентип, сиздин соода эсебиңиз соода үчүн ачык болгондо, сиз CFD менен ордерлерди жайгаштыруу үчүн онлайн-соода Системабызда (-ларында) кирүү кодуңузду колдонууга укуктуусуз.

7.2. Компания Кардарга алдын ала эскертүүсүз техникалык тейлөө жүргүзүү үчүн онлайн соода Системасын (-ларын) каалаган убакта өчүрүүгө укуктуу. Мындай иш-чаралар ыңгайсыздык жаратпаса дем алыш күндөрү же өзгөчө кырдаалда гана болот. Бул учурларда онлайн-соода Системасы (-лары) жеткиликтсиз болот. Компания мезгил мезгили менен онлайн-соода Системасын (-ларын) жаңыртып, өзгөртө алат.

7.3. Кардар онлайн соода Системасына(системаларына) кирүү жана пайдалануу үчүн зарыл болгон жеке компьютерди, уюлдук телефонду же планшетти (шартка жараша), интернетке кирүү мүмкүндүгү, телефонду же башка кирүү линиясын камтыган шайкеш жабдууларды камсыз кылуу жана тейлөө үчүн толугу менен жооп берет. Интернетке кирүү мүмкүндүгү милдеттүү талап болуп саналат жана Кардар Интернетке байланышуу үчүн кеткен бардык төлөмдөр үчүн жоопкерчилик тартат.

7.4. Кардар өзүнүн компьютеринин, уюлдук телефонунун же планшетинин коопсуздугуна жана бүтүндүгүнө байланыштуу тийиштүү коргоолорду орнотуп, ишке ашыргандыгын жана өз Системасын компьютердик вирустардан же башка ушул сыяктуу зыяндуу же ылайыксыз материалдардан, шаймандардан, маалыматтардан же веб-сайтка жана/же онлайн соода Системасына зыян келтириши мүмкүн болгон маалыматтардан коргоо үчүн тиешелүү чараларды көргөнүн билдирет жана кепилдик берет. Кардар ошондой эле компанияны жеке компьютеринен, уюлдук телефонунан жана/же планшетинен онлайн-соода Системасына компьютердик вирустардын же башка ушул сыяктуу зыяндуу же орунсуз

материалдардын же шаймандардын мыйзамсыз берилишинен коргоого милдеттенет.

7.5. Эгерде Кардардын компьютер сиетемасы, уюлдук телефону жана/же планшети бузулуп, бузулуп, жок кылынса жана/же анын жазуулары жана маалыматтарын форматталса, Компания Кардардын алдында жооп бербейт. Мындан тышкары, эгерде кардар жабдуулардын конфигурациясынан же туура эмес пайдалануудан келип чыккан кечигүүлөргө жана/же маалыматтардын бүтүндүгүнө байланыштуу башка көйгөйлөргө туш болсо, анда Компания бул үчүн жооп бербейт.

7.6. Интернетте биздин веб-сайтка жана/же онлайн-соода Системасына (-ларына) таасир этиши мүмкүн болгон окуялар болушу мүмкүн, бирок алар менен чектелбестен, маалыматтын үзгүлтүккө учурашы же өчүрүлүшү мүмкүн экендигин тааныйсыз. Биздин веб-сайтыбызга жана/же онлайн-соода Системасына (системаларына) кире албагандыгыңыздан же кечигип калгандыгыңыздан же Ордерлерди жөнөтө албагандыгыңыздан келип чыгышы мүмкүн болгон мындай окуялардан же башка жоготуулардан, чыгымдардан, милдеттенмелерден (анын ичинде, кирешени жоготуу менен чектелбестен) келтирилген зыян же чыгым үчүн биз жооп бербейбиз. Биз интернет провайдери эмеспиз жана интернет туташуусунун бузулушунан, коомдук электр тармагынын бузулушунан же хакердик чабуулдардан улам жаралган бузулууларга ушул Макулдашуу боюнча эч кандай милдеттенмелерди аткарбагандыгыбыз үчүн жооп бере албайбыз.

7.7. Компания же үчүнчү тарап тарабынан иштелип чыгышы мүмкүн болгон онлайн-соода системасы "кандай болсо ошондой" шарттарда берилет. Компания бардык кепилдиктерден, анын ичинде ачык же кыйыр түрдө баш тартат, бирок алар менен чектелбестен, компаниянын онлайн-соода системасынын (системаларынын) жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн жарамдуулугуна кепилдик берет. Биз онлайн соода Системасынын (системаларынын) күнү-түнү туруктуу жана үзгүлтүксүз иштешине, компаниянын онлайн-соода Системасына (системаларына) жана кызматтарына үзгүлтүксүз жетүүгө кепилдик бере албайбыз. Веб-сайтка жана/же онлайн-соода Системасына (системаларына) же биздин кызматтарга кире албагандыгыңыздан келип чыгышы мүмкүн болгон зыян же чыгым, милдеттенме же чыгаша (анын ичинде, кирешени жоготуу менен чектелбейт) үчүн биз жооп бербейбиз.

## 8. КИРҮҮ МААЛЫМАТЫНЫН КООПСУЗДУГУ

8.1. Жеке кабинет баракчасына кирүү үчүн компаниянын веб-сайтында же мобилдик тиркемеде катталып жатканда түзүлгөн кирүү коду талап кылынат. Сиз каалаган убакта Жеке кабинетиңиздин Кодун өзгөртө аласыз же кирүү Кодун калыбына келтирүү функциясын колдоно аласыз.

8.2. Биз сизден гана көрсөтмөлөрдү алууга милдеттенебиз. Эгерде сизде кирүү Коду бар болсо, Жеке кабинет аркылуу жасалган бардык көрсөтмөлөр сизден келгендей каралат жана биз кошумча суроо-талаптарды жасабайбыз.

8.3. Кирүү Кодуңузду купуя сактап, аны эч кимге, атайылап же байкабай ачыкка чыгарбоо сиздин милдетиңиз. Кирүү Кодуңуз менен кандай мамиле кылганыңызды биз көзөмөлдөй албайбыз жана үчүнчү жактардын эч кимиси ага уруксатсыз же башка жол менен кирбеши үчүн сиз жооптуусуз. Биз ал адам сиз ыйгарым укук бергениңизге карабастан, сизден башка адамдын кирүүсү үчүн жооптуу эмеспиз.

8.4. Сиз биз менен болгон мамилеңизге байланыштуу ар кандай маалыматтын купуялуулугун сактоого жооптуусуз. Эгерде уруксатсыз үчүнчү жактар Интернет же башка тармактык байланыш каражаттары, почта, телефон же башка электрондук каражаттар аркылуу биздин же башка тараптын ортосунда өткөрүлүп жаткан маалыматка, анын ичинде электрондук даректерге, электрондук билдирүүлөргө жана жеке маалыматтарга ээ болушса, биз эч кандай жоопкерчилик тартпайбыз.

8.5. Эгер кирүү Коду же биз менен болгон мамилеңиз жөнүндө башка маалымат Сиздин уруксатыңызсыз колдонулуп, белгилүү болуп калса, бизге мүмкүн болушунча эртерээк кабарлашыңыз керек. Сиздин түздөн-түз макулдугуңузсуз сиздин катталуу маалыматтарыңыз менен онлайн-соода Системабызга (системаларыбызга) сизден башка адам кирген учурларды аныктай албаарыбызга макулсуз. Сиз кирүү Кодуңузду кыянаттык менен пайдаланган деген шек менен биз жасай турган ар кандай иликтөөгө көмөктөшүүгө макулсуз.

8.6. Эгерде Компания ишенимдүү булактан кирүү Кодун уруксатсыз үчүнчү жактар алган болушу мүмкүн деген маалыматты алса, анда Компания Кардардын алдында милдеттенмеси жок, Соода эсебин (эсептерин) иштен чыгара алат.

## 9. КАРДАРДЫН ТАСТЫКТООСУ ЖАНА МАКУЛДУГУ

9.1. CFD левереджди колдонгон жана жогорку тобокелдиктер менен коштолгон татаал продуктылар болуп саналат. Ушуга байланыштуу Компания терс Балансатан коргоону сунуштайт. Бул эмнени тушүндүрөт: Кардардын максималдуу чыгашасы анын Балансына барабар болот. Коргоону күчөтүү үчүн, эсептин Балансына эмес, соода суммасына терс Баланстан коргоону киргизебиз.

9.2. Сиз төмөндөгүлөрдү кабыл аласыз:

(a) Сиз CFD соодасынан келип чыккан чоң чыгымдар жана жоготуулар тобокелдигине дуушар болуп, бул тобокелдикти кабыл алып, аны өз алдынча алуу үчүн даяр экениңизди билдиресиз. Чыгымдарга бардык каражаттарыңыздын жоголушу, ошондой эле кошумча комиссиялар жана башка чыгымдар кириши мүмкүн.

(b) CFD жогорку тобокелдиктер менен коштолот. CFD соодасында колдонууга мүмкүн болгон левередж алгачкы депозит чоң жоготууларга дагы, чоң утуштарга дагы алып келээрин билдирет. Бул ошондой эле баанын салыштырмалуу аз жылышы сиздин инвестицияңыздын наркынын пропорционалдуу чоң өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн дегенди билдирет. Бул сизге каршы да, сиздин пайдаңызга да иштеши мүмкүн. CFD шарттуу

жоопкерчиликке ээ жана сиз бул тууралуу, айрыкча, Маржа талаптарынын кесепеттерин билишиңиз керек.

(c) CFD менен соода кылууда, сиз Негизги активдин баасы боюнча (мисалы, валюта, металл же товар) соода жүргүзөсүз, жана бул соода жөнгө салынган рынокто эмес, ачык рынокто (внебиржевой) жүргүзүлөт.

(d) Сиз өзүңүздүн жалпы финансылык шарттарыңызга ылайык, ушул шарттарда акылга сыярлык деп эсептеген атайын кызматтын түрүн жана CFD аспабын тандадыңыз.

(e) Сиз соода платформасындагы онлайн-Соода Системасында соода жүргүзүү тобокелдиктерге байланыштуу экенин түшүнүп, макулдугуңузду бересиз.

(f) Сиз биздин Тобокелдиктер жөнүндө билдирүүбүз менен тааныштыңыз, ал биздин Веб-сайтыбызда жайгаштырылган.

9.3. Биз Компаниянын Кардары болууга каалоосу бар юридикалык жана/же физикалык жактарга карата эч кандай келишимдик милдеттенмелерди алып барбайбыз, Компания бул жакка анын атына Соода эсепти ачканын жана Кардар ошол Соода эсепти ийгиликтүү толтурганын тастыктаганга чейин.

9.4. Ушул Макулдашуунун шарттары мезгил-мезгили менен өзгөртүлүп, Компаниянын Веб-сайтында жарыяланып, биз жана/же биздин өкүлдөрдүн бири тарабынан айтылган же болжолдонгон, жасалган же жасала турган мурунку, учурдагы же келечектеги билдирүүлөрдү жокко чыгарат жана Кардар менен Компаниянын ортосундагы мамилени аныктоочу бирден-бир юридикалык жактан аткарылуучу каражат болуп саналат.

9.5. кардар ал ушул Макулдашуунун мазмунун Соода операцияларынын Регламенти, Соода эмес операциялардын Регламенти, Тобокелдиктер жөнүндө билдирүү, даттануулардары кароо жол-жобосу, купуялуулук саясаты жана Cookie файлдарына карата саясаты менен бирге окугандыгын, толук түшүнгөндүгүн жана кабыл алгандыгын тастыктайт жана ушул мазмундун негизинде гана ал компания менен юридикалык жактан милдеттүү макулдашууну өз ыктыяры менен түзгөн. Компания жана анын иши жөнүндө бардык маалыматтарды, анын ичинде ушул Макулдашууда көрсөтүлгөн башка документтерди алуу үчүн Кардар ар дайым компаниянын веб-сайтында жайгашкан юридикалык документтерге кайрылышы керек.

9.6. Кардар компаниянын веб-сайтында мезгил-мезгили менен жарыяланып турган учурдагы Макулдашуунун жаңыртууларын көзөмөлдөө үчүн толугу менен жооптуу экендигин кабыл алат жана түшүнөт. Компаниянын сайтына кирген колдонуучу, кардар болобу же кардар эмеспи, компаниянын сайтын же ушул Сайт аркылуу компания сунуш кылган маалыматка же кызматка кирүүнүн ар кандай түрүн колдонуу таанышуу жана Макулдашуунун бардык мазмунун кабыл алаарын билдирээрин кабыл алат жана түшүнөт.

9.7. Эгерде биз сизге онлайн-соода Сиетмасы (-лары) аркылуу башка үчүнчү жактардын веб-сайттарына жана/же ресурстарына шилтеме берсек, анда мындай шилтемелер маалыматтык максатта гана берилет. Биз мындай веб-сайттарда жана/же ресурстарда камтылган маалыматтын мазмунун,

сапатын жана коопсуздугун көзөмөлдөбөйбүз, ошондуктан аларды колдонуудан келип чыккан чыгымдар үчүн жооп бере албайбыз.

9.8. Биз зарыл деп эсептегенде, биздин Веб-сайтта жайгаштырылган спецификацияларга жана CFD соода шарттарына мезгил-мезгили менен өзгөртүүлөрдү киргизүү укугун сактайбыз. Сиз биздин соода Спецификацияларыбызды жана шарттарыбызды, ошондой эле сизди кызыктыра турган башка маалыматтарды ар дайым жаңыртып турууга аракет кылышыңыз керек жана эгер сиз кандайдыр бир жол менен мындай түзөтүүлөр таасир этиши мүмкүн деп ойлосоңуз, өз кызыкчылыктарыңызды коргоо үчүн бардык зарыл чараларды көрүшүңүз керек.

9.9. Жогоруда айтылгандардан тышкары, биз сунушталган продукттардые бирин алып сала алабыз жана/же каалаган убакта Ордер берүү мүмкүнчүлүгүн берүүнү токтотобуз. Эгерде биз кандайдыр бир продуктту берүүнү токтотуп койсок жана сиз ал продукт боюнча мурда ачык позицияга ээ болсоңуз, анда сиз аны жокко чыгарууга жана/же жабууга милдеттүүсүз. Болбосо, биз тиешелүү аспап боюнча акыркы жеткиликтүү баада позицияны жабабыз. Сиз ошондой эле бардык экспирация мөөнөтү бар CFD боюнча Ачык позициялар акыркы соода күнү аяктаганда автоматтык түрдө жабылаарын түшүнөсүз.

9.10. Эгерде сиз ушул келишимде камтылган ар кандай шарттарды бузсаңыз (же бизде сиз буза аласыз деп ишенүүгө негиздүү негиз бар), Биз сиздин соода эсебиңизге (эсептериңизге) кирүү мүмкүнчүлүгүңүздү убактылуу же биротоло токтото туруу жана/же бул Макулдашууну бузуу жана/же ушул шартта биз ылайыктуу деп эсептеген башка аракеттерди жасоо укугун сактайбыз.

9.11. Сиз Аспаптын негизги активин коюу укугуңуз же милдетиңиз болбоорун жана ага карата ээлик кылуу же кандайдыр бир башка кызыкчылык сизге берилбээрин түшүнөсүз жана макулдук бересиз.

9.12. Сиз Компания тарабынан башкача каралбаса, Биз сиздин соода эсебиңизде сактаган накталай акчага пайыздар кошулбаарын түшүнөсүз жана макул болосуз.

9.13. Сиз бул Макулдашуунун бардык текстин кунт коюп окуп, толук түшүнгөнүңүздү жана ага толугу менен макул экениңизди расмий билдиресиз.

## 10. КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН КАГЫЛЫШУУСУ

10.1. Компания Кардар менен соода/операцияларды жүргүзгөндө, Компания (же Компания менен байланышкан же ассоциацияланган башка тарап) тиешелүү Соода операциясына байланыштуу маанилүү кызыкчылыктарга, мамилелерге же келишимдерге ээ болушу мүмкүн, же алар Кардардын кызыкчылыктарына карама-каршы келиши мүмкүн.

10.2. Биз өзүбүздүн, ассоциацияларыбыздын жана Кардарларыбыздын ортосундагы же бир кардар менен экинчисинин ортосундагы кызматтарыбыздын жүрүшүндө пайда болгон кызыкчылыктардын

кагылышуусун аныктоо үчүн акылга сыярлык кадамдарды жасоого милдеттенебиз.

10.3. Сиз мындай жагдайлар келип чыгышы мүмкүн экендигин түшүнөсүз жана макул болосуз, эгерде алар пайда болсо, биз аларды жоюуга болгон күчүбүздү жумшайбыз.

10.4. Көбүрөөк маалыматты компаниянын веб-сайтындагы кызыкчылыктардын кагылышуусу боюнча Саясатыбыздан тапса болот.

## 11. АЛЫМДАР ЖАНА БАШКА ТӨЛӨМДӨР

11.1. Сиз биздин веб-сайтта колдонулган спрэд(дер), Комиссиялар жана Своп(тор) сыяктуу бардык тиешелүү төлөмдөрдү төлөөгө макулсуз. Биз менен болгон транзакцияларыңызга тиешелүү бардык алымдар мезгил-мезгили менен өзгөрүшү мүмкүн.

11.2. Эгерде соода операциясы чыгым менен жабылса, анда ал чыгым соода эсебиңизден алынып салынат жана жеткиликтүү балансыңыз ошого жараша оңдолот.

11.3. Эгерде соода операциясы киреше менен жабылса, анда ал киреше соода эсебиңизге чегерилет жана жеткиликтүү балансыңыз ошого жараша жөнгө салынат.

11.4. Эгерде сиздин соода эсебиңиз (эсептериңиз) иштебей калса (б. а. токсон (90) күндүн ичинде соода операциялары жок, ачык позициялар жок, акча алуу же толуктоо жок), биз соода эсебин ачык кармоо үчүн компаниянын Веб-сайтында сүрөттөлгөн эрежелерге ылайык сизден комиссия алуу укугун сактайбыз. Эгерде соода эсебинин балансы комиссиянын суммасынан аз болсо, анда соода эсебинин балансын нөлгө барабар кылган сумма соода эсебинен алынат. Соода эсебинин балансы нөлгө жеткенде, Компания кошумча эскертүүсүз соода эсебин жабуу укугун өзүнө калтырат.

11.5. Айрым төлөм ыкмалары транзакция үчүн акы алат. Биз зарыл деп эсептеген конкреттүү төлөм ыкмалары боюнча ар кандай алымдарды же төлөмдөрдү киргизүү укугун сактайбыз.

## 12. КАРДАРДЫН АКЧАЛАРЫ

12.1. Биздин платформада CFD соодасы үчүн эсепти толтуруу үчүн колдонулган Кардардын каражаттары «Кардардын каражаттары» деп эсептелет. Күмөн санабаш үчүн, ачык позициялар үчүн маржа катары колдонулганда, акчаңыз "кардардын акчасы" болбой калат.

12.2. Компания Кардарларынын төлөм операциялары боюнча эсептешүүлөр үчүн колдонулган төлөм кызматтарын көрсөтүүчүлөр менен өз атына соода Эсептерин ача алат. Бирок, күмөн саноолорду болтурбоо үчүн, мындай соода эсептери кардардын акча каражаттарынын сакталышын камсыз кылуу үчүн эмес, төлөм операциялары боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн гана колдонулаарын белгилей кетүү керек.

12.3. Кардардын бардык акчасы биз жөнгө салуучу банк мекемелеринде ачкан банк эсептерине которулат. Банк эсептери биздин атыбызда, бирок Кардардын акчасын сактоо үчүн ачылат.

12.4. Компания диверсификациялоону камсыз кылуу жана ар бир мындай мекеме үчүн ички пайыздык чектерди бөлүштүрүү үчүн бир нече институттарды колдоно алат. Компания мекемелерге Кардардын акча каражаттарын которуу жана жиберүү боюнча көрсөтмөлөрдү берүүгө милдеттенет. Эгерде сизде ачык позиция болсо, анда биз компаниянын каалаган эсебинде турган кардардын накталай акчасына каршы, ишке ашпаган жоготууларды эсептейбиз. Демек, Компания сиз тарткан чыгымдардын бардыгын же бир бөлүгүн бөлүнгөн эсептен компаниянын эсебине (эсептерине) которо алат. Тескерисинче, биз компаниянын эсебинен биргелешкен эсепке ачык позициядан алган бардык ишке ашпаган кирешеңизди которо алабыз.

12.5. Бизде өзүнчө бөлүнгөн эсептер жок жана сиздин накталай акчаңыз бир же бир нече банктык эсептерде башка чекене кардарлардын накталай акчалары менен бириктирилет. Демек, Компания кардардын жана башка кардарлардын акчаларын бир эсепте (биргелешкен эсепте) сактай алат. Жалпысынан, каржы мекемелеринде ачылган эсептер, анын ичинде биргелешкен эсептер ар кандай тобокелдиктерге алып келет. Мисалы, мекеменин кудуретсиздиги же дефолт болгон учурда, бир дагы кардардын белгилүү бир эсептен белгилүү бир сумманы талап кылууга укугу жок. Мекеме кудуретсиз же дефолт болгон учурда, анын ичинде банкротко учураганда, компания гана мекемеге талаптарды коюуга укуктуу. Эгерде компания кудуретсиз же дефолт болсо, анын ичинде банкрот болсо, бир дагы кардардын мекемеге талап коюуга укугу жок.

12.6. Банк эсебиндеги каражаттар башка кардарлардын позицияларына байланыштуу компаниянын милдеттенмелерине дуушар болушу мүмкүн.

12.7. Кардардын акчасын кармаган мекеменин кудуретсиздигинен, иш-аракетинен же аракетсиздигинен улам, анын юрисдикциясына карабастан, кардардын жоготуулары үчүн биз жооп бербейбиз.

12.8. Компания кардарга кардардын накталай акчасынан алынган пайыздарды төлөбөйт (ушул Макулдашуу боюнча анын соода эсебинен (эсептеринен) соода операцияларынан алынган пайдадан башка) жана кардар бардык пайыздык укуктардан баш тартат.

12.9. Компания кардардын атына ачылган бардык эсептерди бириктирүүгө, мындай эсептердеги баланстарды бириктирүүгө жана келишим токтотулган учурда мындай калдыктарды эсепке алууга укуктуу.

12.10. Эгер сиз жаңылыштык менен компаниядан акча алсаңыз, Биз сиздин соода эсебиңизден каалаган сумманы эч кандай эскертүүсүз чыгарып салууга укуктуубуз. Эгерде акча Сиздин эсебиңизге компаниядан тышкары жөнөтүлгөн болсо, анда сиз мындай сумманы биздин пайдабызга ишеним иретинде сактоого макулсуз. Эгерде сиз жаңылыштык менен жөнөтүлгөн каражаттарды колдонсоңуз, анда биз бул каражаттарды пайдалануудан түшкөн кирешеден тышкары, бул каражаттарды талап кылууга укуктуубуз. Биз мындай каражаттарды пайдалануунун натыйжасында сиз тарткан зыяндын ордун толтурбайбыз. Толук сумма боюнча доомат күчүндө калат.

## 13. САЛЫК САЛУУ

13.1. Кардар бул Макулдашуу боюнча Компания менен жүргүзүлгөн соода ишмердүүлүгү менен байланышкан бардык документтер, салык декларациялары жана отчеттор үчүн толук жоопкерчилик алып, аларды тиешелүү органга, мамлекеттик же башка тапшыруу жана бардык салыктарды (анын ичинде, сатууну өткөрүү же кошумча баа салыгы) төлөө боюнча жоопкерчиликти өзүнө алаарын түшүнөт жана макул болот. Кардар жооптуу болгон жана биз Компания тарабынан төлөнбөгөн онлайн-соода Системаларында жасалган операциялар үчүн салыктарды камтыган башка чыгымдар жаралышы мүмкүн.

## 14. БОНУСТАР

14.1. Компания мезгил мезгили менен лоялдуулук программаларын/ бонустук схемаларды же Компания аныктаган шарттарда жарнамалык акцияларды өткөрүп турушу мүмкүн.

14.2. Эгерде Кардар бул лоялдуулук программаларында/ бонустук схемада катышууга макул болсо, анда төмөндөгү шарттар жана жоболор колдонулат:

14.2.1. Кардар бир эле учурда бирден ашык лоялдуулук программасына/бонустук схемага катышууга укугу жок, эгерде тиешелүү жоболордо жана шарттарда башкача каралбаса.

14.2.2. Компания лоялдуулук программасын жана/же кандайдыр бир бонустук схеманы кыянаттык менен пайдаланууга же кыянаттык менен пайдаланууга шектелген учурда же Компания ушул Макулдашууну жана/же лоялдуулук программасынын же бонустук схеманын жоболорун жана шарттарын бузууну болжолдосо, каалаган Кардарды лоялдуулук программасынан жана/же бонустук схемадан дисквалификациялоо укугун өзүнө калтырат. Компания ошондой эле бардык жасалган операцияларды жокко чыгаруу, бардык Ордерлерди жокко чыгаруу жана жогоруда шектүү Кардардын бардык кирешелерин жокко чыгаруу жана/кайтарып алуу укугун өзүнө калтырат. Мындай шартта Компания лоялдуулук программасын, ар кандай бонустук схемаларды жана/же бонустарды (бонустук каражаттарды) жокко чыгаруунун кесепеттери үчүн жооп бербейт.

14.2.3. Компания бонустарды (бонустук каражаттарды), лоялдуулук программасын жана/же ар кандай бонустук схеманы же алардын аспектилерин каалаган убакта жана эскертүүсүз өзгөртүү, толуктоо, токтото туруу, жокко чыгаруу же токтотуу укугун өзүнө калтырат. Компания эч кандай өзгөртүүлөрдүн, токтото туруунун, жокко чыгаруунун же лоялдуулук программасынын жана/же бонустук схеманын жана/же бонустардын (бонустук каражаттардын) ар кандай кесепеттери үчүн эч кандай шартта жооп бербейт.

14.2.4. Алдамчылыкка, манипуляцияга, бонустарды же свопторду спекуляциялоого, позицияларды хеджирлөөгө же кардардын компаниядагы соода эсебиндеги алдамчылыктын же алдамчылык

аракеттердин башка түрлөрүнө же лоялдуулук программасына жана/же кандайдыр бир бонустук схемага байланыштуу ар кандай шектенүүлөр жүргүзүлгөн бардык операцияларды жана/же алар боюнча алынган пайдаларды же чыгымдарды жокко чыгарат.

## 15. ОТЧЕТТУУЛУК ЖАНА КОММУНИКАЦИЯ

15.1. Компания кардарга алардын Ордерлери боюнча тиешелүү отчетторду бериши керек. Ушуга байланыштуу, Компания кардар колдонгон соода платформасы (платформалары) аркылуу кардарга өзүнүн соода эсебине онлайн режиминде кирүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттенет, бул ага жетиштүү маалымат берет.

15.2. Ар кандай эскертүүлөр, нускамалар, уруксаттар, сурамдар, токтотуу каттары, даттануулар же башка себептер боюнча сиз менен байланышуу соода платформасы, катталган электрондук почта дарегиңиз же телефон номериңиз аркылуу жүргүзүлөт. Сиз бизге жиберген ар кандай билдирүү биз аны алган күнү жана убактысы боюнча жарактуу болуп эсептелет. Сиз ар кандай байланыш ыкмасы менен мезгил-мезгили менен сизге жөнөтө турган бардык билдирүүлөрдү окуу үчүн жооптуусуз.

15.3. Сиз биздин расмий тилибиз англис тили экендигин кабыл алып, макулсуз. Ар кандай маалыматты, анын ичинде маркетингдик материалдарды, Макулдашуунун каалаган которулган версиясын жана/же биздин расмий тилден башка тилдеги башка билдирүүлөрдү берүү сиздин ыңгайлуулугуңуз үчүн гана жүргүзүлөт жана юридикалык жактан милдеттүү версия мындай документтердин англис тилиндеги версиясы болуп саналат. Пикир келишпестиктер болгон учурда англис тилиндеги версиясы артыкчылыктуу күчкө ээ.

15.4. Компания биз көрсөткөн бардык кызматтарды жана иш-аракеттерди, ошондой эле бардык жасалган транзакцияларды эсепке алат. Ошондуктан, Компания бардык байланыштарды, анын ичинде ар кандай кирген жана чыккан телефон билдирүүлөрүн, ошондой эле кардардын буйруктарын кабыл алуу, өткөрүп берүү жана аткаруу менен байланышкан кызматтарды көрсөтүү, компаниянын эсебинде бүтүмдөрдү жасоодо жасалган бардык транзакцияларга тиешелүү бардык башка электрондук билдирүүлөрдү, ошондой эле сапатты көзөмөлдөө жана окутуу максатында жазып турат. Компания ошондой эле кардар менен анын ортосундагы башка билдирүүлөрдү, анын ичинде чат билдирүүлөрүн, электрондук почталарды жана башка электрондук билдирүүлөрдү жазууга укуктуу, бул сүйлөшүүлөр же билдирүүлөр соодаларды түзүүгө же кардардын ордерлерин тейлөө кызматын көрсөтүүгө алып келбесе дагы. Компания бул жазууларды өзүнө ылайыктуу деп эсептеген жерде, анын ичинде талаш-тартыштарды чечүү үчүн, анын ичинде банктарга, төлөм процессорлоруна жана талаш-тартыштарды чечүүгө катышкан башка үчүнчү жактарга берүү укугун өзүнө калтырат.

15.5. Бул Макулдашуунун, биздин ички саясатыбыз жана жол-жоболорубуздун аткарылышын текшерүү жана биздин кызматтардын жана колдоо тобунун сапатын сактоо үчүн Компания тараптардын ортосундагы ар кандай

электрондук байланыштарды (анын ичинде телефон чалуулары, электрондук почталар, тексттик билдирүүлөр жана Skype аркылуу тез билдирүүлөр ж. б.) көзөмөлдөп жана/же жаздыра алат.

15.6. Кардар Компания кардар менен маал-маалы менен телефон, электрондук почта же маркетинг максатында соода платформасы (лари) аркылуу байланышып, кардардын көңүлүн аларды кызыктырышы мүмкүн болгон продукттарга же кызматтарга тартуу же рыноктук изилдөө жүргүзүү үчүн макул болот.

15.7. Бардык жазуулар компания тарабынан узак мөөнөттүү ташуучуда сакталат, бул бизге мындай жазууларды ойнотууга, көчүрүүгө жана сактоого мүмкүндүк берет. Компания мындай жазуулардын көчүрмөлөрүн кардардын макулдугусуз, алардын ченемдик милдеттенмелерин сактоо максатында, алардын талабы боюнча каалаган бийлик органдарына бере алат.

15.8. Жогорудагы билдирүүгө ылайык, сиз менен биздин ортобуздагы каалаган телефондук баарлашууну же электрондук катты жаздыруу тууралуу эскертилгениңизди түшүнөсүз жана кабыл аласыз.

15.9. Кардар компаниянын сайтында, кардардын жеке кабинетинде жайгаштырылган же кардардын катталган электрондук почтасынын дарегине жөнөтүлгөн компаниянын бардык билдирүүлөрү жана кабарлоолору менен таанышууга милдеттүү.

## 16. КУПУЯЛУУЛУК ЖАНА МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО

16.1. Компанияга өзүнүн жеке маалыматтарын ар кандай формада жана ар кандай ыкма менен (Компаниянын Веб-сайты аркылуу, Компаниянын контрагенттери аркылуу ж. б.) бергенде, Кардар (жеке жак) ушул Келишимди аткаруу, жарнама кампанияларын уюштуруу, жарнамалык материалдарды жана Компаниянын иш-чаралары жана акциялары тууралуу маалыматты берүү, ошондой эле Компания тарабынан аныкталган башка максаттар үчүн, анын ичинде: маалыматтарды чогултуу, жазуу, системалаштыруу, толуктоо, сактоо, тууралоо (жаңыртуу, өзгөртүү), чыгарып алуу, колдонуу, өткөрүү (таратуу, жеткирүү), анонимдештирүү, тосмолоштуруу, өчүрүү, жок кылуу жана/же трансчек аралык жеке маалыматтарды өткөрүү боюнча иштерге макулдугун берет. Макулдук компания жайгашкан өлкөдө колдонулган мыйзамдарга ылайык аныкталган тиешелүү маалыматты же тиешелүү маалыматты камтыган документтерди сактоо үчүн зарыл болгон мөөнөткө жарактуу. Компанияга макулдукту жокко чыгаруу жөнүндө учурдагы мыйзамдарга ылайык билдирилиши керек. Бул үчүн тиешелүү байланыш маалыматы Компаниянын веб-сайтында жайгашкан.

16.2. Кардар компанияга жазуу жүзүндө билдирүү менен каалаган убакта макулдугун кайтарып алууга укуктуу. Бирок, Кардар мындай чечим кабыл алган учурда, компания кардарга кызмат көрсөтө албай калышы мүмкүн болгондуктан, Компания келишимди четке кагуу же токтотуу укугун өзүнө калтырат. Кардар Компания өзүнүн маалыматтары жана Кардар менен

болгон соодаларын, бардык жазууларын зарыл болгон убакытка чейин сактоого милдеттүү экендигин түшүнүшү керек.

16.3. Компания Кардардын алдын ала макулдугусуз, үчүнчү жактарга эч кандай маалыматты ачпайт жана/же өткөрбөйт, эгерде бул милдеттендирүү жөнгө салуучу орган тарабынан колдонулуучу юрисдикцияга ылайык талап кылынса, соттун чечими боюнча жана/же Компания Кардарга өз кызматтарын көрсөтүү үчүн, ошондой эле мезгил-мезгили менен алардын сапатын жакшыртуу үчүн керек болсо гана бере алат. Акыркысына маркетинг компаниялары, бизнес өнөктөштөр, IT-кызмат көрсөтүүчүлөр, төлөм кызмат көрсөтүүчүлөрү жана банктар сыяктуу башка каржы институттары жана башкалар кирет. Эгерде Компания ушул пунктка ылайык кардардын кандайдыр бир маалыматын ачыкка чыгарса жана/же бөлүшсө, Компания муну коопсуз кылуу үчүн бардык акылга сыярлык чараларды көрүүгө милдеттенет.

16.4. Эгерде кардар компанияга өнөктөш же компания менен үчүнчү жактын ("өнөктөш") ортосундагы башка өкүлчүлүк келишими боюнча үчүнчү жак тарабынан сунушталган болсо, өнөктөш белгилүү бир деңгээлде кардардын компания менен болгон соодалары жөнүндө маалыматка ээ болушу мүмкүн.

16.5. Соода эсебиңиз активдүү жана биз менен катталып турган кезде, биз сизге кызмат көрсөтүп жатканда жана/же колдонуудагы мыйзамдардын талаптарына ылайык, биз сиздин жеке маалыматтарыңызды (жана биз менен болгон соодаңыздын жазууларын) сактайбыз.

16.6. Кардар ушул Макулдашууну аткарууда ага белгилүү болгон маалыматтын купуялуулугун сактоого милдеттенет.

16.7. Кардар ушул Макулдашуунун алкагында кардарга жетүү мүмкүнчүлүгү берилген компания же үчүнчү жактар тарабынан жайгаштырылган маалыматты ушул Макулдашууда баяндалган операцияларды аткаруу үчүн гана пайдаланууга укуктуу. Кардардын кандайдыр бир ыкма менен берилген маалыматты жайылтууга, өзгөртүүгө, толуктоого же өз жазууларында сактоого укугу жок. Кандай болбосун, үчүнчү жактар тарабынан жайгаштырылган маалыматка карата кардарга берилүүчү укуктар Компания тарабынан үчүнчү жактан алынган укуктардын көлөмүнөн ашпоого тийиш. Компания үчүнчү жактар жайгаштырган маалыматтын туура, так жана актуалдуу экендигине же үзгүлтүксүз берилип турушуна кепилдик бербейт. Компания же үчүнчү жактар жайгаштырган маалыматтын таасири астында кардар тарабынан кабыл алынган чечимдердин негизинде жасалган бардык операциялардын (финансылык жоготуулар, жоголгон пайда, алынбаган киреше, репутацияны жоготуу ж. б.) натыйжасы үчүн компания жооп бербейт.

## 17. КЕПИЛДИКТЕР

17.1. Ушул Макулдашуунун шарттарына макул болуу менен, ошондой эле Сиз Ордер берген сайын, сиз бизге төмөнкүлөрдү билдиресиз жана кепилдик бересиз:

17.1.1. Сиз Ордер берүү менен, соода ишин принципиал катары жасайсыз (башкача айтканда, үчүнчү жактардын атынан агент, өкүл, ишенимдүү адам же башка бирөөнүн атынан сактоочу катары эмес).

17.1.2. Ушул Макулдашуунун жана ар бир соода операциясынын шарттарын аткаруу сиз же сиздин каражаттарыңыз же активдериңиз үчүн милдеттүү болгон кандайдыр бир мыйзам, буйрук, эреже, сот чечими, келишим же башка документ боюнча бузбайт, карама-каршы келбейт жана аткарылбаган милдет деп саналбайт.

17.1.3. Сиз Ордер берүүгө же соода операцияларын жүргүзүүгө эч кандай чектөөлөргө дуушар болбойсуз.

17.1.4. Соода операциясын жасоо чечимин кабыл алуу үчүн биз берген презентацияга же маалыматка таянган жоксуз.

17.1.5. Сиз тийиштүү түрдө алууга бардык зарыл болгон ыйгарым укуктарды, бул Макулдашууну түзүүгө уруксат жана бекитүү, кол коюу жана бизге соода эсеп ачуу үчүн арыз берүү, ошондой эле ар бир соода жасоо үчүн, ордер берүү жана башка ушул Макулдашуу боюнча өз милдеттенмелерин аткарууга ыйгарым укуктуусуз.

17.1.6. Документтериңизде бизге ачылган, берилген жана башка жол менен берилген бардык маалыматтар чын жана так экенине, жана сиз бул маалымат өзгөргөн учурда бизге жазуу жүзүндө кабарлоого милдеттенесиз.

17.1.7. Сиз бизге берген документтер жарактуу жана анык, жана сиз билгендей, берилген маалымат жана бизге берилген башка документтер туура, толук жана адаштыруучу эмес экенине, жана сиз мындай деталдарда же маалыматтарда кандайдыр бир өзгөрүүлөр болгон учурда бизге кабарлоого милдеттенесиз.

17.1.8. Сиздин каражаттар түздөн-түз же кыйыр түрдө ар кандай мыйзамсыз иш-аракеттерден түшкөн киреше болуп саналбайт жана терроризмди каржылоого арналбайт.

